**ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ЖАКТАРДЫН ӨЗҮЛӨРҮ КОЙГОН КОЛ ТАМГАЛАРЫНЫН ЖАНА «ДКИБ» ЖАКынын МӨӨРҮНҮН АНАЛОГУН ПАЙДАЛАНУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУ ТҮЗҮҮГӨ**
**АЧЫК ОФЕРТА**

**1. Терминдер жана аныктамалар:**
**Акцепт** – Кардардын ушул ачык офертаны толук жана кынтыксыз кабыл алышы. Кардар төмөнкүлөрдү түзүү боюнча аракеттерди жасоосу Акцепт катары таанылат:
- Жеке сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Биргелешкен сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Кредиттик картаны берүүгө жана тейлөөгө келишимди,
Банк менен же жогоруда белгиленген Келишимдердин алкагында банктык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу боюнча аракеттер.
**Банк** – «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» жабык акционердик коому.
**Кардар** – Банк менен ушул Келишимди түзгөн жеке жак.
**Ачык оферта** – Ыйгарым укуктуу жактардын өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана Банктын мөөрүнүн аналогун пайдалануу жөнүндө макулдашууну Кардар менен сунушта көрсөтүлгөн шарттарда түзүүгө Банктын эрки каралган сунуш.
**Макулдашуу** – Ыйгарым укуктуу жактардын өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана "ДКИБ" ЖАКынын мөөрүнүн аналогун пайдалануу жөнүндө макулдашуу.
**Тараптар** – Кардар жана Банк.

**2. Офертаны кабыл алуу жана Макулдашууну түзүү тартиби**
2.1. Ушул ачык оферта Ыйгарым укуктуу жактардын өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана «ДКИБ» ЖАКынын мөөрүнүн аналогун пайдалануу жөнүндө макулдашууну төмөндө белгиленген шартта түзүүгө Банктын сунушу болуп саналат жана ал Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 387-статьясына, 395-статьясынын 3-пунктуна, 398-статьясына, 398-статьясына, 399-статьясына, 402-статьясына ылайык ушул офертаны толук жана кынтыксыз кабыл алуу менен сунушталган макулдашууга кошулуу аркылуу Кардар тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.
2.2. Ыйгарым укуктуу жактардын өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана «ДКИБ» ЖАКынын мөөрүнүн аналогун пайдалануу жөнүндө макулдашууну ушул офертада белгиленген шартта түзүү максатында Кардар бул офертаны толук жана кынтыксыз кабыл алат (акцептейт) жана ушул макулдашууга кошулат.
**2.3.** Ыйгарым укуктуу жактардын өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана «ДКИБ» ЖАКынын мөөрүнүн аналогун пайдалануу жөнүндө макулдашуу Кардар ушул офертаны Акцептеген мөөнөттөн баштап Кардардын жана Банктын ортосунда түзүлдү деп эсептелет.

**3. Макулдашуу предмети**
3.1. Кардар менен төмөнкүлөрдү түзгөндө Банк колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө Тараптар макулдашууга келишти:
- Жеке сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Биргелешкен сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Кредиттик картаны берүүгө жана тейлөөгө келишимди,
Банктын ыйгарым укуктуу жактарынын жеке өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана типографиялык ыкма менен түшүрүлгөн Банктын мөөрүнүн аналогдорун.

**4. Жалпы жоболор**
4.1. Тараптар Банктын ыйгарым укуктуу адамдарынын өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана типографиялык ыкма менен түшүрүлгөн Банктын мөөрүнүн аналогдорун Банктын

ыйгарым укуктуу адамдарынын өзүлөрү койгон кол тамгалары жана Банктын мөөрү менен бирдей мааниге ээ деп таанышат.

4.2. Алардын кол тамгалары типографиялык ыкма менен төмөнкүлөргө түшүрүлгөн Банктын адамдарынын ыйгарым укуктарын Банк ырастайт:

- Жеке сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимде, жана/же
- Биргелешкен сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимде, жана/же
- Кредиттик картаны берүүгө жана тейлөөгө келишимде,

**4.3.** Тараптар таанышат:

Банктын ыйгарым укуктуу адамдарынын жеке өзүлөрү койгон кол тамгаларынын жана типографиялык ыкма менен түшүрүлгөн Банктын мөөрүнүн аналогдорун пайдалануу менен түзүлгөн жана юридикалык күчү боюнча бирдей болгон

- Жеке сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Биргелешкен сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Кредиттик картаны берүүгө жана тейлөөгө келишимди,

Банктын ыйгарым укуктуу адамдары жеке өзүлөрү кол тамгаларын койгон жана Банктын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн

- Жеке сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Биргелешкен сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишимди, жана/же
- Кредиттик картаны берүүгө жана тейлөөгө келишимди.

**5. Талаштарды чечүү тартиби**

5.1. Ушул Макулдашууга байланыштуу пайда болуучу талаш-тартыштарды Тараптар сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө ниеттенишет.

5.2. Кыргыз Республикасынын процессуалдык мыйзамдарында белгиленген өзгөчө сот караштуулугун талаш-тартыштарга колдонгон учурларды кошпогондо, өз ара алгылыктуу чечимге жетишпеген учурда тараптар талаш маселени Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте, Банктын башкы кеңсеси жайгашкан жер боюнча сотко чечүүгө бере алышат.

**6. Корутунду жоболор**

6.1. Ушул Макулдашуу аны түзгөн мөөнөттөн баштап күчүнө кирет жана алардын ортосунда түзүлгөн төмөнкү келишимдердин алкагында Кардарды тейлөө башталган мөөнөттөн баштап пайда болгон Тараптардын мамилелерине өз аракеттерин жайылтат:

- Жеке сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишими, жана/же
- Биргелешкен сактык-депозиттик сейфти ижарага берүү боюнча келишими, жана/же
- Кредиттик картаны берүүгө жана тейлөөгө келишими.

6.2. Ушул Эрежелер менен каралбаган бардык калган учурларда Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жетектелишет.

6.3. Ушул оферта Банктын www.demirbank.kg расмий web-сайтына жайгаштырылат.

6.4. Банк бул өзгөрүүлөр жана толуктоолор күчүнө киргенге чейин 10 (он) жумушчу күн мурун ушул Келишимдин жаңы редакциясын Банктын www.demirbank.kg расмий web-сайтына жайгаштыруу аркылуу бул тууралуу Кардарга билдирүү менен ушул Макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бир тараптуу тартипте киргизүүгө укуктуу.